Мамек АКАЕВ

# Кызыл-Суулук өнөрпоздор

Жалал-Абад, 2019

Мамек АКАЕВ

# Кызыл-Суулук өнөрпоздор

Жалал-Абад, 2019

**Мамек АКАЕВ**

# "Кызыл-Суулук өнөрпоздор"

## Баш сөз ордуна

Бул китепчеде Нурбай деген кишинин кылык жоругу, анын жашоодогу маани маңызы жөнүндө айтылат. Нурбай орто болуу, кара тору, кара сакал, суюк мурутчан, кеп сүйлей бербеген, аз күлген киши элө. Комуз чөрткен, маселдетип чочуп, чочугансып сүйлөгөн киши болчу. Сезду бетке айткан. Жаныбарларды туурай билген. Нурбай Тайгараев айылдык башкаруусундагы Кызыл-Суу кыштагынын Кешөгө айылында 1870-1945 жылдары жашап еткен. Ушул кишинин жоруктары адамдарды күлдүрө турган, тарбия бере турган сапаттары болгондуктан ошол окуялар замандын чаңында, тарыхтын барагында жабылып калбасын- деп жазып койдум. Бул кишини көрүп, сүйлегенүн угуп калганмын. Жоруктарын балдарынан кыздарынан, айылдаштарынан укканмын. Өзгече чоң мурун, Осмон, Шами деген аксакалдар көп айтышаар эле. Нурбайдын жоруктарын окусаң, окуянын мазмунун, коңшуларыңа, досторуңа, тааныштарыңа, эл чогулган жерлерде кызыктуу кылып айта жүр. Ошондой эле бул китепчеге Калбаев Мамыттын эмгек армиясына бараткандагы казал ырларын, Назаров Сагындыктын айтыштагы ырларынан, келингө ашык болуп чыгарган ырлары кошулду.

Кымбаттуу окурман алың жетсе бул ырларды обон менен аккордиондо, комузга кошуп отуруштарда ырдап жүрсөң ырлар унутулбайт, ыр чыгарган адамдардын аттары да эсте сакталат.

## Калбаев Мамыттын
## эмгек армиясына бараткандагы казалы

Мен айтайын бир казал,
Маселе сезде маани бар.
Мааниге кулак салыңар,
Мааниге кулак салбаган,
Бей убайма панда бар.

Бармын-деп, арман кылбаңар,
Жокмун –деп, арман кылбаңар.
Колуңан ишиң албаса,
Иниден арман кылбаңар.
Эңилип  салам бербесе,
Келинден арман кылбаңар.

Сааса челек толбосо,
Желинден арман кылбаңар.
Айтса тилиң албаса,
Кара тумшук кайшаяк,
Баладан арман кылбаңар.

Бара-бара замана,
Акыры болуп баратат.
Атасына баласы,
Акыл болуп баратат.
Бара-бара сай какшып,
Суу тартылып баратат.

Кылсаң ишиң арбыбай,
Күн кыскарып баратат.
Кырксаң шуушаң жашынбай,
Жүн кыскарып баратат.

Торпок менен танага,
Жүк артылып баратат.
Торпогуна жүк артып,
Тоголонгон мындан көп.
Танасына жүк артып,
Тайгаланган андан көп.

Атаң, энең бар болсо,
Ажидагы куурмадай,
Азиз күткүн ошону,
Азиз күтсөң ошону,
Сооп болот бир далай.

Ата менен энеге,
Кылып кызмат жеткен жок.
Кызматы жеткен пенделер,
Бейиштен алыс кеткен жок.

Ат ырыскы, баш дөөлат,
Амандыгың бир дөөлат.
Тиш ырыскы тил дөөлат,
Тирүүлүгүң бир дөөлат.

Баш барда келет мейманың,
Балага калат жыйганың.
Көз барда келет мейманың,
Артыңда калат жыйганың.

Бай мактанса табылат,
Жок мактанса чабылат.
Мактанса байда бар экен,
Бул тирүүлүк дүйнөдөн,
Артырганың бала экен,
Туугандарым кош кайыр.

Ак зоонун башы ныл болду,
Ааламда катын жыл болду.
Аскерге кетет ага-ини,
Азабын тартып жүргөнде.
Повестка келди пешимде,
Тараймен күттүм кечинде.

Ак эшек-ашуу бел кайыр,
Ага-ини, тууган эл кайыр.
Энеден эмчек бир эмген,
Туугандарым кош кайыр.

Тапкан нанын бир жеген,
Тагаларым кош кайыр.
Чоңойтуптур балдарым,
Алганым алыс кетти деп,
Убайым кылба алганым.

Сарбашыл кактым садага,
Сапарга атам кетти деп.
Сагынып мени самаба,
Салкын балам эсен аман айыгып ал.

Эргеш иним эсен кал,
Элге жаккан зайыбыңды.
Эсен аман алып кал.
Ичтим ише арагын,
Катын бала ыйлабайт.
Үй, үйүңө тарагын,
Үй оокатын карагын.

Мен Жалал-Абадга кеткенде,
Баштыгымды ким алат.
Баштап алып ким барат,

Куржунумду ким алат,
Кубат болуп ким барат.

Айланайын Таңырым,
Азык түлүк мол алып,
Артымдан жетип барыптыр,
Колуңду берчи жыттайын.
Жарым саат болсо да,
Бото менен тайлактай,
Моюн алышып турайын.
Күкүк менен Зейнептей,
Үн алышып турайын.

Аман эсен сен барсаң,
Айдатып кой калаамды.
Мурдунан чымчып, өөп кой,
Алты айлык Зейнеш баламды.

Жемелебе Жээнбекти,
Катуу айтпа Карбекти.
Окуугa бер Нематти
Өктөм баккын Турнатти.

Жоортпо жорго тайыңды,
Бей күнөө урба зайыбыңды.
Жаман жакшы сөз сүйлеп,
Бей жайлык кылба айылыңда.

Аргымак салып токуп жүр,
Арбака куран окуп жүр.
Жаныңа базар ачылган,
Жанаттын нуру чачылган.
Жалал-Абад шаарым кош эми.

Эңкейген вагон бош эми,
Энелеш Таңыр кош эми.
Карайган вагон бош эми,
Карындаш Таңыр кош эми.

Тумушу жок поезди,
Туура жолго саламбы,
Туугандардан ажырап
Кайсыл жака барамын.

Канаты жок поезди,
Кайрып жолго саламбы.
Калгандардан ажырап,
Кайсыл жака барамын.

Казакстан Каркыра,
Малга жайлуу жер тура.
Мен етүп кетип баратам,
Токтогул жүрген Шыбырдан .

Оролдун тоосун мен аштым,
Обласымдан адаштым.
Кызылдын тоосун мен аштым,
Кыргыз элден адаштым.

Кызылга барып токтодум,
Кыргыз элди жоктодум.
Оролго барып токтодум,
Облусумду жоктодум.
Карарып жаткан дарыя,
Кече турган ким деди.
Калың элдин тагдырын,
Чече турган ким деди.

Карарып жаткан дарыя,
Кече турган мен дедим.
Калың элдин тагдырын,
Чече турган мен дедим.

Кегерүп жаткан дарыя,
Кече турган ким дедим.
Кепчүлүктүн тагдырын,
Чече турган ким дедим.

Кегерүп жаткан дарыя,
Кече турган мен дедим.
Көпчүлүктүн тагдырын,
Чече турган мен дедим.

Чымчык шакка конот дейт,
Челябин шаары болот дейт.
Элик адам ал деди,
Челябин шаарга бар деди.
Элик адам мен алып,
Челябинге мен бардым.

Кагаз жазган оң колум,
Карагат чаап оңдодум.
Тизме жазган оң колум,
Тикенек чаап оңдодум.

Наалыш кылдым кудайга,
Наалышым жетип кудайга.
Отпуска алдым бир айга,
Эндүү кемер белимде,
Эми келдим элиме.
Кара кайыш белимде,
Кайтып келдим элиме.

Отпускада турамын,
Ойлономун ырдаймын.
Түлкү-телпек, түлкү-шым,
Кийгенимен ырдаймын.

Түн күзөтүп, каткырып,
Жүргөнүмдөн ырдаймын.
Кара телпек, кара шым,
Кийгенимен ырдаймын.
Калк ичинде каткырып,
Жүргөнүмөн ырдаймын.

Калбаев Мамыт элге сөзү өтүмдүү, эл арасында авторитети бар киши болгон. Колхоздун жылкычысы болуп иштеген. Коомдук иштерге активдүү катышкан. Тууган урука кайрымдуу, алган жары менен ынтымактуу жашап, балдарына кыздарына мээримдүү, камкор ата болгон. Калбаев Мамыт Кызыл-Суудагы шыбакай уруусунан болот. Сүйлөйүн десе маанилүү сөз чыккан, ырдайын десе, ырдаган өнөрлүү киши эле.

## Назаров Сагындыктын Таноо менен айтышкандагы ыры

Алча дияр бир болот,
Айтпаса көңүл кир болот.
Айтсаң жакшы сөздү айткын,
Адамга кубат бөл болот.

Бозо деген аш экен,
Боз куурайдын башы экен.
Бозону ичет тердөгү,
Бозоруп жүрөт чөлдөгү.

Арак деген аш экен
Ак куурайдын башы экен
Аракты ичет төрдөгү
Акактап суусайт чөлдөгү

Ээй эчки маарайт улак сал
Мен ырдаймын кулак сал
Жатаганда бозодой
Кайнап ырдап берейин

Табылгынын чогундай
Жайнап ырдап берейин
Таноонун айткан ырына
Эми жооп берейин

Боз кыроодо кечүң бар Таноо
Бозодо эмне өчүң бар Таноо
Бозодон бирөөң өлгенбү Таноо
Жайы кышы айныбай ичип
Ашказаның таштанбы Таноо

Кимдикинде бозо бар-деп
Балдардан сурап билесиң Таноо
Үйүне түшүп атыңды байлап
Сурабай эле киресиң Таноо

Мөйман болсоң коноко барып
Акылдан тайып ичесиң досум
Төшөгүн булгап сайманы сайып
Уятка калып жүресүң досум

Ойлонуп туруп уятың жаап
Суу сурадың келинден туруп
Таштап ийип касани колдон
Кутулуп кеттиң каратып туруп

Жаш келин менен жүрөсүң дейсиң
Аялдан алыс болгудай
Бычмалы белем хандардын
Жигиттик шыгым жетиштүү эле
Келиндин көөнү толгудай.

Какыр жерден суу чыкпайт
Кумурскалар уялайт какыр жердин ташына
Каарына калып Алланын
Таноонун чач чыкпаптыр башына

Айланайын акунум, мен жеңилдим-деп,тебетейин алып көкүрөгүнө коюп, жанына келгенде Сагындык тура калып, экөө колдорун кысышып, каткырып күлүшүп, кайра отурушуптур. Бул ыр Шами аксакалдын айтканы боюнча жазылып алынган. Дагы көбүн жазбай калганмын. Сагындык, Таноо, Шами –үчөө төң Тайгараевдин Кызыл-Суу айылынан.

**Кызыл-Суулук Назаров Сагындыктын Үрбү дөгөн келинге ашык болгондогу ыры**

Ажырап келдиң күйөөңөн
Жүрөктер ысып берикпей
Берилип кеттиң өзүмө
Колго үйрөнгөн кийиктей.

Кара көзүң кылгырат
Уялып карап өзүме
Эрип кетем тим эле
Аке-деп айткан сөзүңе.

Көйнөгүң сары шайыдан

Көркөмүң артык баарынан
Пахтадай жүзүң артыкча
Тоолордун аппак карынан

Маңдайда кашың чийилет
Көздөрүң ак карда турган карагат
Бөттөриң нурдуу жагымдуу
Менин ышкымы козгоп баратат

Мени карап жылмайып ийилесиң
Кара көзүң жоодурап тирмөйесиң
Сөз айтчы деп айталбай сөзүң менен
Көзүң мөнен жалооруп билдиресиң.

Сени менен бир болсом
Убакыт өтөт билинбөй
Жүрегүм күйүп чок болот
Сүйүүнүн күүсү дирилдей

Ман кормасам колиңдан
Ой, дат демаң
Кутип олиң жан ука, кеч келаман
Согиндим ой ян ука
Ман согиндим
Тумор килип тогиндим юрагимга
Сезимларим күйип от болади
Шамим болуп ягилчи өмүрүмга

Колума коюп кондурган
Көк көптерим болсоңчу Үрбү
Көгөрген тоого кетөрүп барып
Көмөкөйдөн сорсомчу Үрбү

Алаканга кондурган
Ак кептерим болсоңчу Үрбү
Агарган тоого алпарып алып

Алкымыңдан сорсомчу Үрбү
Аппак чепкен кийсемби
Арабага түшсөм бейм
Үрбүнү отургузуп тиземе
Алыска алып кетсем дейм.
Белиме жоолук курчанып,
Кара чапан кийсемби
Колунан кармап Үрбүнүн
Элимден алыс кетсемби

Назаров Сагындык Кызыл-Суулук байсогур уруусунан болот. Кадыркулова Үрбүге ашык болгондо кырк жаштын айланасында экен. Үрбү он алты жаштагы келин экен. Сагындыктын сырдаш досу Шами аксакалдан жазып алгамын.

## Кангелдинин үйүндө жоро бозодо Чекелеков Абдразак Калбаев Мамытка тийишип ырдай баштады

Кышы менен кыдырып,
Жоро бозо ичебиз.
Жорокечтөр кеөнү үчүн,
Баарыбыз ырдап беребиз.

Кангелдинин үйүнде,
Жакшылардын көөнү үчүн
Жаңшап ырдап берейин
Теңтуштардын кеену үчүн
Толкундап ырдап берейин.

Көп түрү бар Мамыттын
Кайсы Мамыт болосуң?
Жер тыңшаар Мамыт сенсиңби?

Жогортон шамал сокту эле,
Куюн Мамыт сенсиңби?

Өзүңдүн үйүң жашоодо,
Кошулбадың жорого.
Кошулбасаң жорого,
Эмне келдиң бозого.

Кошулуп коюп жорого,
Анан кийин келбедиң.
Тришканын печетин,
Эмнеге бир ай бербедиң.

Каранын жини келгиче,
Сарынын жаны чыгат дечү эле.
Жаның чыгып кетпесин,
Ала бакан аштадым,
Мамытка сабак таштадым.

**Абдыразак Чекелековдун ырына Калбаев Мамыттын жооп берген ыры**

Маани сөз айтып ырдаймын,
Мааниге кулак салыңар.
Сөзүмдү укпай отуруп,
Арманда болуп калбаңар.

Кызык сөз айтып ырдаймын,
Кызыгына батыңар.
Абдыразактын ырына,
Жооп айтам угуп калыңар.

Туугандарга кошулбай,

Алыста жүрдүң чекелеп.
Бирөөнүн эли эл болбой,
Кайра келдиң эртелеп.

Бырыш басып беттериң,
Жаш етсө адам улгаят.
Эки атадан балушат,
Кызыл-Сууда кудайлат.

Куда сөек жагынан,
Калың экен кудайлат.
Иттин жүнү сыяктуу,
Туугандардан кыз албай,
Шыбакай экен уяттуу.

Чаап аткан улакты,
Ийри-Суудан үйүңе,-
Ала качып келгенсиң,
Мүйүзүң чыга тургансып,
Өзүң эле жегенсиң.

Чоң касани кармапсың,
Бозого тойбос соргоктой.
Каякта жүрдүң жоголуп,
Адашып калган торпоктой.

Чечими менен колхоздун,
Башкармасы болгомун.
Печетин бир ай бербестен,
Тамашалап койгонмун.

Ушул кутту үйүңө,
Кангелди досум чакырган.
Чакырган жерден калбаймын,
Өзүм басып барбаймын.

Ичи тарлар ушинтип,
Бок беришпейт итине.
Пулун бөрем бозонун,
Чыдап тургун кичине.

Сүйлейүн десем сөз чыккан,
Сөздүү Мамыт боломун,
Ырдайын десем ыр чыккан,
Ырчы Мамыт боломун.

Калбаев Мамыт ырды аяктагандан кийин Чекир деген киши тердө отурган

Айсаракунга суроо берди.

- Ким жеңди? - деди. Мамыт жеңди. Кол чаап коелу. Кол чабуулар болду.

Бул айтыштын ырларын Нукеев Салимбек жана Доскана уруусунан

Абдрахман деген кишилерден жазып алгамын.

## Нурбай жоргосун алдырганда

Нурбай Жалабаттан эрте чыгып, Калмак-Кырчынга түш оой кирип келет. Тамга теректин талаасына келгенде ныксырап үргүлөй баштайт. Кайра уйкусу ачылат. Кыштака жакындаганда деңде беш алты киши отурганын көрүп, ушул жерден жоргомдун жүрүшүн көрсөтейүн-деп, жоргону үзөңгү менен колтукка тээп коюп үзөңгүнү аттын кулагын көздөй чиренип тээп, чалкалап бейрөктү таянып, отургандарды карабай өте бергенде "жорго кимдики" - деген үн чыгат. Карабай туруп жорго меники, жол кудайдыкы-дейт. Бул отургандар Жоробек болуш жана анын айылдаштары экен. Көп узабай аркасынан "токто!" - деген кыйкырык чыкты. Эки жигит Нурбайды болуштун алдына алып келишти.

-Сен кимсиң?

-Мен Нурбаймын.

-Аттан түш деди өткүр үн.

-Эмнеге түшөм, ат өзүмдүкү, жаным кудайдыкы. Зордоп аттан түшүрүштү. Атты алып калгыла, ээрин бергиле-деди болуш. Ошентип Нурбай ээрин кетерүп келе жатканын Адылбай чал көрүп калып үйгө кирип жарма ичип кет дейт. Базарга ат саттыңбы ээриңди көтөрүп алыпсың. Жол кудайдыкы десем жол Жоробек болуштуку экен. Жорго меники десем, жорго да болуштуку экен, алып койду. Жоргосун Жаанбай деген Нурбайдын агасынын баласы болуштан алып берген экен.

## Мала тартканда

Нурбай өзүнө караштуу жерди ашар кылып айдатып алып, мала басканга унаасы жок эгини себилбей туруп

калат. Алыстан үч атчан киши керүнөт. Кызынан келө жаткандар кимдер? - деп сурайт. Апыш башкарма, бригадир, Жаанбай – деди кызы. Бутактуу чоң долонону айдалган жерге сүйрөй баштады. Ат жок болсо Нурбай ат, тарт тарт деп, чоңдордун жанынан өтүп чуркады. Үчөө тең күлүп жатышты. Бир ат берчи Нурбай акеге эгинин малалап алсын-деди бригадирге. Нурбай астыртан башын көтерүп Жаанбайды караса анын ачуусу келип, ого бетер карайып калыптыр.

## Салыктан качканда

Эрте жазда Нурбай егүз, атка жүгүн артып ылдый кездей кечүп кетип жатыптыр. Отунчу алдынан чыгып оо Нурбай эл жайлоого көчет сен ылдый көчүпсүң дейт. Мен Канжыгага кетип жатам. Канжыгага барганда налогчулар менден адашар. Канжыгага барып күзгө чейин турат. Бирок ал жакта деле салык жыйноочулар бар экен. Салык мени кайда жүрсем деле таап алат турбайбы-деп, кайра Кызыл-Сууга кечүп келет экен.

## Көгөнгө байланганда

Алпамыш болуштун старчыны Кожомберди эки жигити менен келе жатат деп, калышты короодо отургандар. Нурбай кегенге езүн байлап, букача колу, буту менен топурак челип мөөрөй баштады. Алар жакын келгенде марап жулкунуп жатты. Келгендер да тургандар да күлүп жатышты. Көгөнгө жөленген комузун ала коюп, комуз чертип ырдап жатат.

Таан таан такылдак,
Кожомберди какылдак
Таң калдырып чалдарды,
Орусча сүйлөйт шакылдап

Кожомберди күлкүсүн токтото албай жатып, Нурбай-

дын налогун албагыла байлардан алабыз-деп бастырып кеткендигин айтышат эле.

## Картошка саткандагы окуя

Нурбай картошканы көп экчү экен. Айдоо жерлер кара топурактуу, суу жакын болгондуктан картошканын түшүмү жакшы болгон. Көк-Жаңака, Жерге-Талга алып барып сатып турушкан. Нурбай баласы Кадыш экөө бир өгүзгө, бир атка картошка жүктөп Көк-Жаңака келишет. Корпустун эшигинен өтүп бара жатса орус киши токтотуп калат. Таразасын алып чыгып баалашып ала баштады. Кадыш таразага тартып пулун алып турду. Нурбай болсо өгүздөн түшпөй карап турду. Бирок алгандар солгун. Нурбай букача мөөрөп, айгырча кишинеп койду. Эл аятан бияктан чогулуп калды. Картошка етө баштады. Улакча маарап, эчкиче мекирөнсө күлбеген киши жок. Кадыш кыйкырып атат дейт, ата болдуэми. Күлүп атып бул кишинин картошкасын төгүп алды. Нурбай жүктүн үстүнөн түшпөй нары бери эңкейип бастырып жүрет. Эмне издеп атасыз десе үйдө кереги тиет деп жакама учугу жок ийне сайдым эле түшүп калыптыр. Ошол ийнени издеп жатам. Каерде бар эле? Үйдөн чыкканда бар болчу. Тургандардын баардыгы каткырып күлүп жатышат- дейт.

## Басмачыларды алаксытканда

Досканада кетип атса Нурбайды беш алты басмачы кармап алат. Бастыр бул жака деп Ничкенин ичин көрсетөт бирөе. Ал жак силер бара турган жак. Менин жолум бул жакта деп ылдый жакты көрсетет. Басмачылардын бирөөсу канжарын сууруду Нурбай басмачы көрсеткен жакабастырды. Жүрүп отуруп Алма конор деген жерге келишти. Кыргыз үй турат. Эшигинде беш алты ат бай-

лануу экен. Үйдүн ичинде беш адам отуруптур. Бирөө Шамши деген адам кызыл суулук. (аты өзгертүлдү) Ортодо отурган басмачы бизге кошуласың. Эгер кошулбасаң минтип атып салам –деп, мылтык менен түндүктү карай атып жиберди. Бозолорр кайдан деди кошо келген бирөө. Бир чаначын Таноодон алдык четтеги адам. Бозого кызып калышыптыр. Бир аз убакыттан кийин бозого кызып калышты. Кээси мас болуп калды. Нурбай эшике чыгайын-деди эле сен кошо чык –деди Шамшини. Шамши менен Нурбай эшике чыгышты. Шамши Нурбайдын кулагына сен басмачыларды алаксыт. Алардын аттарын алып кетишет. Нурбай үйгө кирди. Кана Нурбай Жоробек болушка салам айтпай өткен экенсиң бизге эмне дейсиң? Деди башчысы. Калпагымды ала коюп, четте отурган биреенүн жанына барып итче ырылдай баштадым. Мен жакты карап бутун сунуп койду. Бутун иттей болуп талап бутунан тиштеп алдым. Кээт –деп кыйкырып ийди. Бардыгы каткырып күлүп жатышты. Бука болуп мөөреп, терт буттап баса баштадым. Байкатпай барып, ортодогу башчыны кекүрөкө бир сүзсем ош! –деп алып кыйшайып жатып алып күлдү. Койнумдагы комузумду ала коюп черте баштадым.

Ээй бияк жагы чаңгыр таш,
Ээй аяк жагы чаңгыр таш
Ортосунда......... дегенде отургандар чалкалап, кээси жыгылып күлүп жатышат. Көп жолу кайталасам деле кайра эле ырдай бер-деп жатышты. Бардыгы мас, ызы чуу. Башчысы Шамшина аттарды кара деди. Шамши эшике чыгып, кайра кирип аттар жок деди. Бардыгы эшикке чыгышып, токой аралап кетишти. Мен үйдү көздей женөдүм.

## Адылбайдын канты

Адылбай менен Нурбай жолдош болуп мал базарга барышат. Кайра келе жатып Ничкенин сайына келгенде шам намаз убагы болуп калат,Адылбай атынан түшүп, атын байлап намаз окуп алалы десе Нурбай жок мен үйгө барып окуп алам-деп, болбой коёт. Адылбай намаз окуп жатканда Нурбай Адылбайдын куржунундагы эки чоң соку кантты алып, ордуна таш салып коюп кетип калат. Адылбай үйүнө келип, куржунун ала кирип, куржунда кант бар алчы дейт. Аялы куржунунан оролу ташты алып чыкты. Бул кант эмес эле ташко-деди аялы таңыркай. Атаңдын оозун урайын бул Нурбайдын кылганы. Эртең кантты алып келем. Адылбай эртеси Нурбайдыкына барат. Нурбай аялы экөө Адылбайды жылуу жүздөрү менен жакшы тосуп алышат. Чай ичип сүйлешүп олтурушканда Нурбай мен намаз окуп жатканда кантымды алып ордуна таш салып коюпсуң. Кантың мына деди Нурбай чайды керсетүп, чайга салып койгонбуз. Тамашаңды коюп кантымды бер. Нурбайдын байбичеси каткырып күлүп жиберсе берки экөө тең күлүштү. Айып өзүңде базарга сен торпок алып бардың. Мен эчки алып бардым. Сен эрте эле сатып алдың. Мен болсо түштө саттым. Мен эчкими саткыча сен эки жолу чай ичип келдиң. Жок дегенде жептур - деп, бир нан алып бербедиңжолдош сендей болобу.Кантын мына деди Нурбай оролгон эки соку кантты алдына койду. Оролгон канттын бирин алып, бирин Нурбайдын байбичесине сунду муну менин катачылыгым үчүн алып койгула. Үчее тең каткырып эшике чыгышты.

## Аттан жыгуу

Канжыганын Койбашев деген жеринен эгем деген киши экөө Жалал-Абаддан чыкканда шерик болуп калышат. Нурбай егүзчөн Эгем атчан экен. Нурбайга Эгем жолдо келе жатканда тийишип, егүзүн чыбык менен сайгылап, меңкүтүп, кубалап эрмектеп күлүп келе берет. Кескен-Ташка келип кыядан чыга берерде өгүздүн куйругунун алдындагы ит чымындан чогултуп, Эгемдин атынын куйругун ачып туруп салып коёт. Ат башын жерге салып, тыбырчылап мөңкүй баштады. Акыры Эгем аттан ыргып жыгылды. Нурбай атын кармап калды. Ат тынбай меңкүп жатты. Нурбай Эгемди карап туруп, өгүздегү бит чымын, атыңдагы бит чымын, экее биригип жыгып койду көп чымын. Эгем эми түшүнүп каткырып Нурбайды карап алып күлүп жатты.

## Өпкө чапканда

Аарычы Аверян деген орустун аркандап койгон аты елүп калат. Эл чогулуп союшат. Ат колхоздуку болгондуктан этин өткерүп алыш үчүн Турдукулова Салия деген аял келет. Нурбай да ошол жерде экен. Аттын башын бер десе Аверян бербей коёт. Нурбай эми аттын өпкөсү турган жерге келип епкөнү таягы менен сайып, кайра чочуп таягын ала коюп жатты. Эл күлө баштады. Комузун ала коюп черте баштады.

Күүсү мындай экен.
Кызыл, кызыл козунун
Керпесү элем оой дай
Кыз да болсом бир үйдүн
Эркеси элем оой дай
Эркелике карабай
Малга чалга сатты оой дай

Өпкөнү карап чертип жатат. Эки жагына ооп чалкалап, ар кандай кыймыл жасап элди күлдүрүп жатты. Аверяндын аялы Мария епкенү Нурбайга бер дегөндей колун жаңсаганда өпкөнү алып берди. Таягына илип алып айтып атат дейт. Бербе деди өпкөнү колхоздун чоңу Салия бергин деди епкенү орус кызы Мария деп секирип, секирип алып үйүн көздөй женөгөндө эл дуу, дуу этип күлүп калышты. Муну ошол жерде болгон менин чоң энем айтып келген эле.

## Тойдо күрөшкө түшкөндө

1940-жылдын баш жагында күзүндөсү Кызылсуунун Кешөгө айылында Алымбай дегөн киши той берөт. Жарчы жар чакырып, азыр күрөш болот. Ким чыгат чыга бергиле, сооруну бир эчки-деп кыйкырып жатты. Меден дөген киши көйнөкчөндөнүп, жоолук курчанып ортого чыкты. Кыска бойлуу, толук адам экөн. Буга мен чыгам-деп Нурбай элдөн суурулуп ортого чыкты. Аба түшпе-деди бир жигит Нурбайга жакын келип, жыгыласыз. Мен Мөденди жыгыштын ыгын билем. Унчукпа-деди. Меден кейнөкчөн, Нурбай чапанчан экөө коюн-колтук алышып, күрөше башташты. Экөө нары бери серпишип турушту. Нурбай Медендин жоолугуна колун ороп, эки жак капталынан кытыгылай баштады. Медендин кытыгысы кыйын экен, каткырып чалкалаганда Нурбай чалып жыгып койду. Эл дуу-дуу болуп каткырышып, экөөнү атчандар ороп калышты. Соорунга алган эчкисин жетелеп, езү улак болуп маараса эчки мекиренет. Эл ээрчип күлүп жатышты.

## Уук түзөлүп калды

Чоң мурун деген киши Нурбайга уук жасатат. Бир үйгө жеткидей уук жасап бер акысын күздө аласың дейт. Болуптур - деп, бир үйгө жете турган уук жасайт. Уук жасап койдум алып кетсин-деп, кабар берет. Чоң мурун уукту алып барып, үйүн тигет. Улам күн өткөн сайын ууктар түзеле берет. Он күндөн кийин ууктар ийилип, үйгө кирүүгө болбой калат. Чоң мурун ууктарды кайра жүктөп барды.

-Эмне үчүн бул ууктар түзөлүп калды?-деп Нурбай Чоң мурунга суроо берди.

-Мен кайдан билем, уста сенсиң.

Нурбай ууктарды коюп алып атаңдын оозун урайындар кыркың туруп бир Чоңмурунча акылыңар жок – деп, чыбык менен чапкылап коёт дейт. Акыны күздө берсе деле болот дейсиңерби. Түзөлбей эле койбойсуңарбыдеп ууктарга эңкейип кыйкырып коёт дейт.

Чоңмурун түшүндү. Акысын алып келем даярдай бер. Уктарын ийип, кызыл жошо менен боёп берди. Акысын нак берсең уук түзүп калат-деп, Чоңмурунга карап күлүп койду.

## Атам болгондо...

Бир күнү Нурбайдын баласы Сатыбайдыкына Осмон деген киши келет. Үйдө сүйлөшүп отурушканда эшиктен Нурбай келип кошулуп отурушту. Жарма бышып даяр болуп калган экен. Келини Нурбайга жарма сунду.Тез эле ичип, кесени кармап отуруп калды. Келини Тиллакан ата жармадан дагы ичесизби-деди. Нурбай шыпты карап алып эки колуп шыпты карай созуп ата! ата! отуз жылдан бери эске келбей жүрдүң эле. Бүгүн келдиң эсиме. Атам болгондо Нурбайга жармадан дагы бер дебейт беле суратпай эле. Оо атам, өлбей кал-деп, боздой

баштады. Келини касага жарма куюп, ата ичиңиз-деп, ийилип сунду. Күлкүсүн токтото албай бүлкүлдөп күлүп жатты. Үйде отургандар Тиллакандын күлгенүн керүшүп алар да күлө башташты. Осмон аба-деди Нурбайга карап, Сатыбай балаңыз атама жармадан дагы куюп бер дебедиби? Нурбай чочуп, чочуп алып, ошентип Тиллаканга кантип буйрук берсин, бере албайт да Жолдошбайдын кызы Тиллакан Сатыбайдын атасы да, апасы да болот деп үнүн пас чыгарып, оозун колу менен басып койду. Сатыбай да жатып алып күлүп атты. Мен аз эле ичкидей чымчык белем . Мен жарманы көп ичем. Сурабай эле берип жүр балам. Тойгондо ичпей коём. Силер күле бергиле мен кеттим-деп, эшике чыгып кетет. Кыйлага үйдө күлкү басылбай турду.

## Эми эмне сатам

Райондон колхоздун жерин, элин кергенү адам келди деген сез угулган. Нурбай үйүнүн эшигинде туруп беш кишинин жолдо келе жатканын керөт. Аркасы жыртык чапанын кийип алган экен. Атайлап керсөтейүн –деп. Жипке таңып койгон отунун аркасына көтерүп, жолго чыкты. Кишилер келе жатканда жолдо нары бери басып турду. Алар жакын келгенде жолго туура туруп алды. Раис Апыш эми бул киши эмнени баштайт-деп, жолдон чыга берди. Нурбай отунду таштап жиберсе чапанынын пахтасы чубала түштү. Атымды саттым налике (налогко) уюмду саттым наликке эми эмне сатам налике-деп, эңкейип эки бутунун ортосун карап туруп калды. Тургандар каткырып күлүп жатышты. Ройондон келген екүл бул кишинин налогун колхоздун эсебинен убактылуу төлөп туруңуз-деп, Апышка карады. Айланайын балам, катуураак кыйкырып айтпасаң раис болгондон бери Апыштын бир кулагы таптакыр укпай калган. Тургандар

күлкүсүн тыя албай күлүп турушту. Эми жол бербейсизби деди бирөө. Жолду мен бербей чөнтөгүмө салып алгыдай жоолук беле. Аба налогду езүңүз эле төлөбейсүзбү? Колхоз жер бердиго. Жерди силер бөрбей эле Ленин берген-деп, үйүн кездей басып кетти.

## Козу карын

Сүйүмкан деген коңшусу козу карын бышырып, коңшуларын чакырат. Нурбай да келет. Нурбайга касага салып алдына коёт. Нурбай бир кесим козу карынды оозуна салып жутпай эле мүлтүңдетүп турду. Тайгаланат да оозумда сыйгылчак тээп бул оокатыңар бияк жаагымда бүлк этет., биягыма алып барса былк этет. Эшике чыгып түкүрүп таштайын. Тамагымдан еткерсем какап калбайын. Отургандар күлүп жатышты.

## Базардагы окуя

Нурбай атын жайлоодо аркандап багып, күзүнде жем бербей эле көк чепке багып базарга алып барат. Атты ала тургандар керүп баасын сурай башташат. Нурбай атынын баасын жогорулатып айтат. Анда бир узун сакалдуу чал келип атыңыз жем жебептир кепак экен дейт. Нурбайдын жүзү езгерүлүп, билип койду. Бул кудайбы я? кудайбы? кудай десем жерде жүрет – деп тегеренип коёт. Баягы чалга жакын келип сакалыңыздан сылап коёюнчу десе ал чал аркасын карабай эл аралап кетиптир. Күлбөген киши Калбай Нурбайды тегеректеп каткырып күлүп атышат дейт.

## Кичинекей жардамчылар

Бүгүн күн ачык. Ак эшек капчыгайынан соккон катуу шамал токтоп калган. Мектепте сабак жүрүп жатат. Класста отурган балдар көңүлдүү отурушат. Кандайдыр бир ишти кексегендөй. Күздүн башталышы болгондуктан күндүн табы кайта элек. Бир маалда чоң жолдон чаң чыгып, эки кичине автобус керүндү. Окуучулар чуулдап кыйкырышып, автобусту кеңүлдүү тосуп алышты. Бул автобустар райондун пахта эккен колхоздорунуку болчу. Пахта теримге жардам берүүгө окуучулар келишкен. Окуучулар кечээ эле төшек орундарын даярдап коюшка. Пахтага бара турган окуучулар катарга тизилишти. Директор Сатылганов окуучуларга пахта терүүгежардамга бара тургандыктарын түшүндүрдү. Ар бириңер езүңерге берилген норманы аткарууга аракет кылгала. Агайдын айтканындай болуп, тартипти сактагыла . Окуучуларды ала кете турган колхоздун секүлү сүйлөдү.

Окуучулар, биз силерди пахта терүүгө жардам беришет – деп келдик. Жатакана, оокат- азык менен камсыз болосуңар. Терген пахтаңарга тыйын төлейбүз. Пахта 5-6-7- класстын окуучулары барат, деди Сатылганов силер менен завуч агайыңар Акматов кошо барат. Окуучулар менен дагы мектептин техничкасы Сабира эжеңер силерге тамак жасап бергени барат. Биздин мектептин окуучулары 1-бригадага бөлүндү. Ал жерге барышары менен пахта теримге чыгышты. Кечиндеси мектептин жетекчилерин колхоздун конторуна чакырышты. Колхоздун бухгалтери окуучуларга белүнгөн норманы айтты.

5-класстын окуучулары 30 кг, 6-класс 40 кг, 7-класс 50кг күнүнө териши керек. Ар күнү кечинде жыйынтык чыгарылат. Норма аткарбаган мектептин жетекчилери райкомдук бю.росуна барат. Пахта терим боюнча борбордон келген екүл биз пахтанын планын октябрь майрамына чейин аткарышыбыз керек. Ар бир окуучу же

башка теримчилер өз нормаларын аткарып турса планды белгилеген мөөнетте аткарабыз - деп сөзүн бүтүрдү.

Окуучулар пахта талаасында иштеп жатышты. Бир колдоп тергени бар. Белим ооруду деп отуруп алып тергендери болду . Пахта терип көрүшкен эмес да оокат, азык кенен. Эки апта өткөндөн кийин кээ бир кыздар үйлөрүн сагынып, талаага отуруп алышып бир маал ыйлашты.

– Апа! Апаа! Бизди алып кеткиле сагындык. Колдорун жогору көтөрүп апаа! апаа! келгилечи – деп ыйлап жатышты.

Үйлөрүнө жиберүүгө болбойт, алыс ата-энелери келбей жатат. Кыздарга барып сооротуп жатаканага алып келдим. Апаңар келет . Айттырып жибердим, ыйлабагыла башка мектептердин кыздары ыйлабай эле жүрүшөт. Эртеси ишке чыгышты. Пахта терүү катарынан жүрүп жатты. Терген пахталарды түштө, кечинде таразага тарттырышат. Усулда кечинде мектептин жетекчилерин чакырып жыйынтык чыгарышты. Норма толбой калгандарын рейс мектеп жетекчилерин бригадирлерди жекиргендей жекирет. Окуучулар кечиндеси сүйлөшүп отурууга да алдары келбей уктап калышат. Эргеш деген 7-класстын окуучулары мага суроо берип жатышты.

– Агай, эмне үчүн орус класстарынын окуучулары норма эмес кебү тербей эле жүрөт.

– Аны жетекчилери билет да өздөрү жооп берет.

Чындыгы ошондой болуп жатат. Чогулушта орус мектептин жетекчилеринен норманын толбой калышын кеп сурабайт. Басымды көбүнчө тоо мектептеринин окуучуларына коюлат. Кечки саат жетиде иш токтойт. Окуучулар терген пахталары өздөрү көтөрө ала турган болсо кырманга көтөрүп бара беришет. Эгер оор болсо араба менен алып кетишет . Араба келгиче кээде караңгы кирип кетет. Ошондой араба күтүп отурушкан эки окуучу Суранов менен Орунов 7-класстын окуучулары сүйлөшүп атышат.

Орунов айтып атат.

– Коммунизм качан болот?

– Баардык адамдар ез иштерин жакшы аткарса, сен өз нормаңды күнде аткарып турсаң, жакшы окусаң, ошондо коммунизм болот. Коммунизм болгондо ар ким өз ишин иштейт. Иштебеген болбойт езүңдүн керегиңе канча керек болсо бекер аласың. Алыңдын жетишинче иштеп бересиң.

– Жакшы турбайбы? – деди Суранов элге жакшы болот. Бирок башкаруу кандай болуп, кимдер башкарат мамлекеттик – деп, ойлонуп турдум.

Пахта терим эртең мененки саат сегизден кечки саат жетиге чейин созулат. Окуучулар 10 саат иштейт 12-13 жаштагы балдардын 10 саат иштегени менен эч кимдин иши жок . План убагында толсо болду. Октябрь айында айт майрам болду. Айттан бир күн өткөндөн кийин Райкомдо бюро еттү. Анда пахта териминин аткарылышы боюнча маселе каралды. Айт күнү пахтада иштеген окуучулардын көбү үйлөрүнө кетип калышкан. Өзгече Ачы, Октябрь зооналарынын мектеп тергенине окуучуларынын кепчүлүгү качып кетишкен. Бюрого баардык ишканалардын жетекчилери, колхоздун башкармалары катышты. Норма аткарбаган мекемелердин жетекчилери, теримден артта калган колхоздордун райистерин чыгарып катарга тизип койду 1-сентябрь Алиев Беговаттагы бир аял бригадирдин жолдошун базарда капуста сатканы жеринен алып келип, эки капустаны кучактатып тургузуп койду. Ушул бюродо үч мектептин үч директору иштен алынды Калган мектептердин жетекчилеринин иши районунун советинде каралсын деген чечим чыгарды.

Эртеси районунун кеңешмеси болду. Беш директорго сегүш берилди. Эч ким шартты айтып каршы болгон жок. Пушкин атындагы мектептин директору Сатыбалды Жээнбеков чечимге каршылыгын айтты. Башчы эч

нерсе айта алган жок. Пахта терим дагы эле күчүнде. Окуучулар чарчады. Жумасына жок дегенде жарым күн жооп берсе, эс алдырса болот эле. Андай болгон жок. План, план жана план . Бир күнү биздин мектептин үч кызы түшкө чейин жоголуп издеп жүрдүк. Ал мындай болгон экен. Үчее сүйлөшүп уктабай жатып, саат төрттө пахта терген талаа менөн кете берсек таң атканда Жалал-Абадка жетсек автобуска түшүп үйгө кетебиз дешет. Ошентип саат үчтөрдө туруп алышып талаа менен кете беришет. Сайга түшүшүп наркы өйүз жарча экен ылдыйлап кете беришип, адашып калышат. Үчөө отуруп алышып ыйлаш беришип уктап калышат. Агайлар талаалардан издеп таба алышпады. Ата-энелерине кабар берилет. Тез эле бардык жерге таркайт . РайОНОнун жетекчисине угулат. РайОНОнун жетекчиси чакырып болгон ишти сурап билди.

Окуучу кыздарды кой кайтарып жүргөн чал көрүп калып жатаканага алып келди. Ата-энелери келип, үч күнге чейин үйлерүнө алып кетти.

Декабрь айында кар жаап койду окуучуларды дагы деле үйлерүнө кетирбеди. Кар кечип пахта терип жатышты. Кар жаай бергендиктен мектеп окуучуларынын үрейүнө машина менен ташып баштады.

Биздин мектөптин окуучуларынын үйлөрүнө чейин жеткире албады. Кар кеп болчу. РАйОНОнун кеңешмесинде. Ар предметке бөлүнгөн сааттар өзгөрүлгендүгү, бир саатта етүл турган болду. Мындай өзгөртүү ондогон жылдар бою жүрдү. Биздин кичинекей жардамчыларыбыз бир сезондо он тоннадан он беш тоннага чейин пахта терип беришти.

## Ден-соолук

Ден-соолук болсо эгер адамдарда
Жарык дүйне караңгы оюң туман
Сезимдериң кыялдагы түйүн болуп
Жүрөгүңдүн кагышын бийлеп алган.

Өмүргө жарык берип, жол берип,
Бакыттын туткасы экен ден-соолук
Дос болуп жүрөлүчү жакындашып
Өмүрүмдүн сересинде бир болуп.

Миллиондоп жыйганың, жакшы үйлерүң
Ден-соолук четтегенде эске келбейт
Миллиондор татыбайт бир сомчолук
Канча болсо байлыгың жардам бербейт.

Биринчи байлык ден-соолук деп
Элибизде айтылыптыр чындык даана
Жашоонун ай жылында кошо жүрүп
Коштоп барчы өмүрүмдүн сызыгына

## Кечиндеси жайлоодо

Күн батаарда жалын болуп кызарып
Аскаларды кызартып эндик коюп
Ак кайыңдар кызыл кейнөк кийинишип
Жигитин күтүп турган кыздай болуп

Кыя жолдон ак койлор чубап келет
Жер үстүнөн сүйрөлгөн ак аркандай
Кызарган нуру кетип күндүн дагы
Уясына батып кетти сары алтындай

Капчыгайдан катуулап шамал сокту
Бийик чыгып дарыянын шоокуму
Түн пардасын жамынды аскалар да
Бой балкытып жайкы кечтин коздугу

Ар үйдөн созолонгон түтүн чыкты
Түтүн менен кошо чыкты сүттүн жыты
Короодо койло жуушайт мекиренип
Жайытта күтпөгөн үйүр жылкы

## Кызыл-Суу

Жүзүмдү шамалына жууп алып
Көлдөлөңдөй кек шиберде отурамын
Көркөмүңе көзүм тойбой карай берип
Көңүлдүн толбос жерин толтурамын

Кызыл-Суунун тоолору асман тиреп
Зыңырашат бири бирине уланышып
Түбөлүк зоокадагы аппак карга
Жылдыздар нурун чачып жымыңдашып

Шыкалып өскен чептөр жайкалышат
Шамалда ыргалышып толкун болуп
Молчулуктун жытын бөрип өскен чөптөр
Кулпурган көркөмүңө көңүл толкуп

Кызыл-Суунун жери куттуу берекелүү
Ар колоттон агып келөт тунук суусу
Ичсең дары, эгинге азык болуп
Карасаң көз уялат жер сулуусу.

## Жашыруун сыр

Лепилдеп сокту тоо жактан,
Таң атаарда салкын жел.
Ойлонуп жатам уктабай,
Сүрдөбей назик колуң бер.

Юбка кийсең жарашкан,
Окуучулук мезгилде
Жамалың жылуу көрүнчү,
Окуп жүрчүү кезиңде.

Байкасам чындык сезимди,
Тартылып кетем езүңе .
Жүрөгүм сүйүп кубанам,
Алтындай баалуу сөзүңе.

Алмалуу бактын арасы,
Жолубуз болуп калсачы.
Ошол жол менен бир басып,
Жашыруун сырым айтсамчы.

## Аппагым

Жароокерим жоодураган аппагымсың,
Асманда тийип турган айдайымсың.
Кучагымда сен отурдуң аппак болуп,
Мен отурдум чачтарыңдан сылап коюп.

Ак пахтадай аппак болгон,
Ак гүлдөр ашык жүзүңе.
Толкундап турдум кубанычта,
“Сүйем” - деп айткан сезүңе.

Түндөсү биз отурдук бак ичинде,
Махабаттын көлүндө чабак уруп.
Чолпон жылдыз күбө болуп экөөбүзгө,
Максатка жетебизби сайран куруп.

**Аталар**

Аталар көмүр казып шахталарда,
Көмүрдүн кара чаңын жутуп алып.
Чарчаганы жуткан чаңы эстен чыгат,
Балдарынын күлгөндөрүн көрүп алып.

Тоолордо кой багышат койчу болуп,
Шамалына колу, бетин жууп коюп.
Оор эмгек кылганга кайыл болот,
Турса эгер балдарынын карды тоюп.

Атанын сөзүн угуп ызат кылып,
Балдары өз ишине тың чыгышса.
Аталар баш көтөрүп сыймыктанат.
Баласынын жакшы иштерин көрүп алып.

Аталар жакшылыкты көп көрүшсүн,
Балдары аталарын сыйлап өтсүн.
Өмүр аз, жашоо бүтөт, билинбөстөн,
Аталар балдарынын жамандыгын көрүшпөсүн.

## Селкинчек

Кызыл жүздүү келинчек,
Сизге арналган селкинчек.
Кызыл канат кыргоолдой,
Тике тепкин келинчек.

Күүлөп тепсең селкинчек,
Арка чачың аркаңда
Желге ыргалып желпинет,
Жүрөк отун күйгүзүп,
Жигиттик ысык ышкыны.
Ысык ойго жеткирет

Козгоп койдуң келинчек.
Ысык сезим арзууну,
Алып кеттиң абага.
Селкинчек тепкен келинчек.

Сүйүүнүн отун жүрөке,
Жагып койдуң келинчек.
Бекем болсун сүйүбүз,
Күбө болуп селкинчек.

## Мазмуну

Баш сөз ордуна . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3

Калбаев Мамыттын эмгек армиясына бараткандагы казалы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 4

Назаров Сагындыктын Таноо менен айтышкандагы ыры . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 10

Кызыл-Суулук Назаров Сагындыктын Үрбү деген келинге ашык болгондогу ыры. . . . . . . . . . 12

Кангелдинин үйүндө жоро бозодо Чекелеков Абдразак Калбаев Мамытка тийишип ырдай баштады . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 14

Абдыразак Чекелековдун ырына Калбаев Мамыттын жооп берген ыры . . . . . . . . . . . . 15

### • Нурбайдын жоруктары •

Нурбай жоргосун алдырганда. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 18
Мала тартканда . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 18
Салыктан качканда . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 19
Көгөнгө байланганда . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 19
Картошка саткандагы окуя . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 20
Басмачыларды алаксытканда . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 20
Адылбайдын канты . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 22
Аттан жыгуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 23
Өпкө чапканда . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 23
Тойдо күрөшкө түшкөндө. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 24
Уук түзөлүп калды . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 25
Атам болгондо... . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 25
Эми эмне сатам . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 26
Козу карын . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 27
Базардагы окуя . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 27
Кичинекей жардамчылар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 28

**• Ырлар •**

Ден-соолук . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 32
Кечиндеси жайлоодо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 32
Кызыл-Суу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 33
Жашыруун сыр . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 34
Аппагым . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 34
Аталар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 35
Селкинчек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 36

**Мамек АКАЕВ**

**"Кызыл-Суулук өнөрпөздөр"**

• *Аңгемелер*
• *Ырлар*



**Мамек АКАЕВ**

*1936-жылы туулган. КУУнин тарых факультетин бүтүргөн. Агартуунун отличниги, эмгек ардагери, ардактуу эс алууда. Жалал-Абад шаарына караштуу Кызыл-Суу айылында жашайт.*